**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин**

**жалпы ата-энелер чогулушунун**

**протоколу 30.01.2023**

**<u>Катышкандар:</u>** бардык класстын ата-энелери, мектеп администрациясы.

**Каралуучу маселелер:**

1. Ата-энелер кеңешинин отчету
2. Мектептеги 1-жарым жылдыктагы окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы.
3. Тренинг-лекция "Зордук-зомбулуксуз тарбиялоо"
4. Окуучулардын туура тамактануусун уюштуруу
5. Ар кыл маселелер

**Сөз сүйлөгөндөр:**

1. **Мектеп директоруДюшенбаеваС.Э.:** Чогулушту ачып, каралуучу маселелер боюнча айтып өттү.
2. **Ата-энелер комитетинин катчысы Суранчиева Стелла** : Ата-энелер кеңешинин отчетун мектептин тааныштырды. Ата-энелер комитетинин ишин канаттандыраарлык деп табылды.
3. **Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Намазбекова Айгүл** : Мектептеги 1-жарым жылдыктагы окуу тарбия иштеринин жыйынтыгын тааныштырды. (отчет тиркелет)
4. **Тарбиялык иштердин уюштуруучусуШукурбаева А.Н.** .: мектептеги тарбиялык иштер боюнча айтып, балдардын тартиби боюнча кыскача айтып берди. Андан кийин "Зордук-зомбулуксуз тарбиялоо"деген темада тренинг-лекция өткөрдү. (сценарийи тиркелет)
5. **Мектеп директору Дюшенбаева С.Э.:** Окуучулардын туура тамактануусун уюштуруусу боюнча айтып өттү.
6. **Тарбия иштеринин уюштуруучусуШукурбаеваА.Н.** : Көпчүлүк балдар мектепке кымбат баалуу смартфондорду алып келип жатышат. Алар сабак учурунда да ар кандай оюн ойноп, сабакка көңүл бурбай жатканы тууралуу предметтик мугалимдер айтып жатканын билдирди.
7. **Математика мугалими Шакулов К.Дж**.: Ооба, бул айтылган сөздөр чындык, кээ бир балдар интернет оюндарына кирип алышып, сабактарга көңүл бурбай, тапшырмаларды аткарбай жатканын айтты. Бүгүнкү чогулушта телефон маселесин чечели. Мектепке телефон көтөрүп келүүгө тыюу салалы.

Баары бир добуштан колдошту. Эгер көтөрүп келишсе анда окуу жылдын аягына чейин алып койгонго уруксат беребиз  деп ата-энелер кол коюп беришти.

**ЧЕЧИМ:**

1. Мектептин окуу-тарбия иштери  канаттандыраарлык деп табылсын.
2. Балдарга зордук-зомбулуксуз позитивдүү тарбия берилсин.  Тартибине үйдөн көп көңүл бурулсун. Саат 21: 00 дон кийин көчөгө чыгарылбасын.
3. Окуучулар мектепке телефон көтөрүп келүүгө тыюу салынсын.

Чогулуштун төрайымы, мектептин директору: Дюшенбаева С.Э
Чогулуштун катчысы: Суранчиева С.